| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br><br>БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br><br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**

# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№30** Барскоон айылы

**Тосор айылына милиция бөлүмчөсүн куруучуга жер тилкесин бөлүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" мыйзамынын 27-беренесине жана КРнын Жер кодексинин 18-беренесинин 3-пунктунун таянып, туруктуу комиссиялардын корутундуларынын негизинде Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Барскоон айыл аймагынын Тосор айылына милиция бөлүмчөсүн курууга Тосор айылында жайгашкан бузулган эски бала бакчанын жер аянтынын ичинен 0,15 га жер тилкеси бөлүнүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жана токтомго ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин муниципалдык менчик, жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына милдеттендирилсин.

**Төрага** **Ажыбеков Ч.А.**

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска